Политология

УДК 32.322. (348.71)
DOI: 10.52754/16947452_2022_3_94

# МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ДИНДИН БАЙЛАНЫШЫ ЖАНА СВЕТТИК ПРИНЦИП

*Козукулов Тимур Алимбекович, саяс.и.к., доцент,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Жумабай уулу Ибрахим, магистрант,*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*
*Маметова Мээрим Равшановна, эксперт,*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын конституциясындагы негизги принциптердин бири болгон светтик түшүнүгү жөнүндө каралат. Светтиктин фундаменталдык түшүнүгү жана илимий аппробациядагы интерпретацияларында учурда дагы деле бирдиктүү көз караштар жокко эсе. Кыргызстанда илимпоздор же саясатчылар тарабынан светский же светтик деген түшүнүк колдонулат. Мисалы, светский же светтик мамлекетпиз деген сыяктуу. Светтикти ар ким өз саясий маданияты жана идеологиясына жараша жоромолдоп келишүүдө. Светтик терминине батыш илимий адабияттарында жана коомдук-саясий турмушта синоним катары секуляризм сөзү пайдаланылып келгендиги тууралуу сөз болот. Светтик сөзүн постсоветтик өлкөлөрдө колдонуу өтө кеңири жайылган. Биз бул макалада светтик-секуляр терминин илимий аныктамалардын негизинде салыштырып анализдедик. Светтик деген түшүнүктүн мамлекет менен коомдо кандай болуусу керек экендиги тууралууда аныктамаларды берүүгө аракет жасалды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Светтик, лаицизм, дин, мамлекет, конституция, Кыргызстан.*

# ОТНОШЕНИЕ ГОСУДАРСТВА С РЕЛИГИЕЙ И ПРИНЦИП СВЕТСКОСТИ

*Козукулов Тимур Алимбекович, к.полит.н., доцент*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Жумабай уулу Ибрахим, магистрант,*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*
*Маметова Мээрим Равшановна, эксперт*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В этой статье рассматривается понятие светскости, которая является одним из основных принципов Конституции Кыргызской Республики.*

*Фундаментальное понятие светскости и интерпретации научной апробации все еще не имеют общего понятия. В Кыргызстане ученые или политики на кыргызском языке используют как «светский» или «светтик». Например, «светский мамлекет» или «светтик мамлекет». Светскость каждый интерпретирует в соответствии со своей политической культурой и идеологией. В западной научной литературе и в общественно-политической жизни как синоним термина светскость используется слово секуляризм. Использование слова «светский» распространено в постсоветских странах. Не редкость для ученых, которые на вопрос о том, что такое светскость, приписывают историю связанные с Лениным. Эта история, наверное, была выдумана. Термин светскость не рассматривается в научной литературе Кыргызстана. Следует отметить, что в постсоветском Кыргызстане термин светскость рассматривается только на основе политических взглядов. Отвечая на вопрос, какими должны быть понятие о светскости и принцип, можно сказать, что они не опираются на определения в мировой научной литературе. Этого не понимают даже служащие светского государства. Они считают и высказывают мнение, что государство и религия разделены. Такого же мнения и НПО (неправительственные организации). Они непреклонны в том, что государство не должно поддерживать религию. В конституциях, принятых после апрельских событий, после дебатов по поводу того, как перевести слово светскость на кыргызский язык, была включена фраза «религия не вмешивается в деятельность органов государственной власти». Можно сказать, что это кыргызский перевод термина секуляризм (лацизм), который был введен после Французской революции. В этой статье мы сравним и проанализируем научные определения термина светско-секуляризм. Также мы попытаемся определить, какой должна быть светское понятие в государстве и обществе.*

***Ключевые слова:*** *светское, лацизм, религия, государство, конституция, кыргызстан.*

## THE STATE'S RELATIONSHIP WITH RELIGION AND THE PRINCIPLE OFSECULARISM

*Kozukulov Timur Alimbekovich, PhD, associate prof.,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Zhumabai uulu Ibrahim, master,*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*
*Mametova Meerim Ravshanovna, expert,*
*Osh state university,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract.*** *This article discusses the concept of secularism, which is one of the basic principles of the Constitution of the Kyrgyz Republic. The fundamental concept of secularism and the interpretation of scientific approbation still do not have a common concept. In Kyrgyzstan, scientists or politicians use in Kyrgyz language as "svetskii" or "svettik". For*

*example, "svetskii mamleket" or "svettik mamleket". Everyone interprets secularism in accordance with their political culture and ideology. In Western scientific literature and in socio-political life, the wordlaicism is used as a synonym for the term secularism. The use of the word "secular" is common inpost-Soviet countries. It is not uncommon for scientists to answer the question what is secularism,attribute a story related to Lenin. This story was probably made up. Even the employees of the secular state donot understand this. They believe and express the opinion that the state and religion are separated.The same opinion is expressed by NGOs (non-governmental organizations). They are adamant that the state should not support religion. Even government officials say that the principle of the state is separated from religion. In fact, there are many other cases. In the constitutions adopted after the April events, after a debate on how to translate the word secularism into Kyrgyz, the phrase "religion does not interfere in the activities of state authorities" was included. We can saythat this is the Kyrgyz translation of the term secular (laicism), which was introduced after the French Revolution. In this article, we will compare and analyze the scientific definitions of the term secular-Laicism. We will also try to determine what a secular concept should be in the stateand society.*

***Keywords:*** *secular, laicism, religion, state, constitution, kyrgyzstan.*

**Киришүү.** Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап эле светский (светтик) түшүнүк менен жашап келүүдө. Кыргызстан өз алдынча көз карандысыз мамлекет болгону менен башка Эл аралык уюмдарга мүчө болгондуктан, ички саясатын толук кандуу эркиндикте алып кетүү кыйынга турат. Учурда кыргызстан ШКУ, КМШ, ЖККУ жана ЕАЭБ уюмдарына активдүү жана толук кандуу мүчө болгондуктан, алар карманган жалпы принципти карманганга мажбур. Анын эң негизгилеринен бирөөсү бул светтик принциби экендигин айтууга болот. Кыргызстандын мемлекет менен дин байланышын, анын саясатын жазууда дайым эле светтик принцип менен коштолот. Башкача айтканда светтиктин оптикасы менен анализденет.

Светтик термини же түшүнүгү тууралуу бир аныктама жок деп айтууга болот. Изилдөөчүлөр өз тармагынын негизинде гана аныктама беришет. Кээ бирлери светтик дегенде мамлекет менен дин ажыратылган деп түшүнүшөт. Башкача айтканда эки башка дүйнө деп эсептешет. Мамлекет динге, ал эми дин мамлекетке кийгилишпеш керек деген түшүнүктү көп айтышат. Муну атеисттик аныктама деп ойлойбуз. Акыркы 10 жылдыкта светтик түшүнүгү өзгөртүлө баштады. Ал аныктама боюнча мамлекет динге кийгилишет, ал эми дин мамлекеттик башкарууга кийгилишпейт.

Мамлекеттик бийлик менен диний түшүнүктү экиге бөлүү идеясын алгачкылардан болуп көтөргөн Аврелий Августин болгон. Ал бийлик менен динди экиге бөлүү керек экендигин белгилеп, бирок жакшы башкаруу үчүн

бири бирине колдоо көрсөтүүсү шарт экендигин айткан. Августин “светтик мамлекет”, “светтик бийлик” деген терминдерди колдонгон эмес, бирок мамлекеттик бийлик тууралуу айткан. Ошондой эле, анын системасында светтик бийликтин идеясы жатканы менен, чиркөөгө тиешелүү болбогондугун, ал (светтик бийлик) андан төмөн тургандыгын байкоого болот. Мартин Лютер дагы мамлекеттик бийлик менен диний бийликтин биригүүсүнө каршы чыгып, экөөнүн ишмердилүүгүн бөлүүдө бекем болуу керек экендигин белгилөө менен диний бийликке артыкчылык берген. Анын көз карашы боюнча светтик бийлик кудайдык бийликке эч тиешеси жок, бирок ал биринчи иретте динди жана дин тарапкерлерин жамандыктан коргош керек деген. (А. В. Останин, 2010).

Франциядагы протестанттар менен католиктердин ортосундагы талаш-тартышты, башкача айтканда, чыр-чатакты чечүү үчүн Жан Боден да светтик мамлекет идеясын колдогон. Себеби бир гана диний толеранттуулук баалуулугуна таянган мамлекет гана чече алат деген.

XVII кылымдын башында англиялык философтор дагы светтик мамлекет идеясын өнүктүрүшкөн. Томас Гоббс болсо, светтик күчтүү бийлик гана “бардыгы баарына каршы” абалындагы согушка кайтууну алдын ала алат деп жазган. Классикалык либерализмдин жактоочусу Джон Локк мындай деп жазган: “Диний толеранттуулуктун негизинде светтик мамлекетти куруу абзел, себеби дин ишенимин тандоо – ар бир адамдын эркиндиги”.

Светтик мамлекетти түзүү идеясы агартуучулук доордо кыйла өркүндөтүлгөн. Ойчул Шарль Монтаскьё, Жан-Жак Руссо, Вольтер ж.б. ишеним эркиндиги жана диндин мамлекетти башкаруудан баш тартуусуна тарапкер болушкан. Ал учурда Америкада светтик мамлекеттин концепциясынын бүтүндүгү иштелип чыгылып жаткан болчу. Анын автору Томас Джефферсон болгон. Ал сөз эркиндигинин, ишеним эркиндигинин сакталуусун жана мамлекеттик дин дегенге каршы чыгуу менен бардык диндер тең укуктуу деп жазган.

Светтик сөзүн терминологиялык жактан изилдөөгө жана аныктама берүүгө КМШ өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү анчалык сүңгүп киришкен эмес. Башкача айтканда, үстүртөн гана көз жүгүртүшөт деп айтууга болот. Светтик сөзүнүн аныктамасын конкреттүү айта алышпайт. Орто Азия өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү светтүүлүккө объективдүү жана илимий көз караштан эмес, идеологиялык өңүттөн күчтүүлүк кылууда.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Кыргыз тилине орус тилинен

кирип калган светтик (светское) деген терминдин синоними же котормосу батыш тилинде колдонулган секуляризм термини менен маанилеш. Светтик, секуляризм жана лаицизм терминдери бир маанини түшүндүрөт деп синоним катары колдонулуп келүүдө. Бирок секуляризм менен светтик жакын болгону менен лаицизм бул кыймылды түшүндүргөн термин деп айтууга болот. Ошондуктан терминдик анализди секуляризациянын негизинде жүргүзөбүз.

Секуляризмдин так, түшүнүктүү болуусу үчүн ага терминдик анализ жасалышы керек. Секуляризация латын тилиндеги “secularity” сөзүнөн англис тили аркылуу жайылган. Секуляр сөзү латын тилинде “учурдагы доор,/заман” маанисин түшүндүргөн “seaculum” сөзүнөн куралган. (Swatos and Christiano, 1996, 211; Attas, 2003, 40). Ал эми батыш изилдөөчүлөрү секуляризмдин тарыхый процессин бир канча этапка бөлүшөт. Аны менен бирге 4-5-кылымдардан баштап болжолдуу “доордун руху” деген пикирдин уландысы катары “дүйнө” маанисин да өз ичине камтыган. Секуляризм терманинде орун алган, тарыхый жактан убакыт-мейкиндик коннотациясы Грек-Рим жана Иуда салттарынын батыш христиандыгы ичинде биригүүсүнөн улам пайда болгон тиркемелерден куралган деп айтууга болот. Ал учурда да терминге баш аламан аныктамалар берилген. Мисалы мурда “чексиз убакыт” сыяктуу маанини түшүндүрсө, учурда расмий христиан дубаларынын аягында орун алган “түбөлүк дүйнө” же “түбөлүктүү” сыяктуу фразалар латынчада сеакулум (seaculum) сөзүнүн котормосу. Сеакулум термини шайтандын бийлиги астындагы “бул дүйнөгө” (дүйнөбий) ишарат кылган диний тараптан терс термин катары колдонулган. (Hill, 1973, 229). Термин “сырткы дүйнө” маанисин да туюнтат. Мисалы, сырткы дүйнөдөн обочолонуп расмий “жашоо дисциплинасы” ичинде жашаган монастырь, дин кызматчылары, сырткы дүйнөдө адамдарга кызмат кылган жамаат (махала) дин кызматчылары маанисин туюнткан “секуляр” пасторлордон бөлүнгөн. Бирок сөз ошол эле учурда Теңирге туура келбеген жашоо же жашоо түрү маанисинда түшүндүрөт. Ошондуктан адамдар “дүйндөн” качуу үчүн монастырь жашоосуна киришкен. Термин кийинчерээк атуулдук укук менен чиркөө укугун, граждандык менчик менен чиркөө мекчигин бөлүү үчүн колдонула баштаган. (Swatos, Christiano, 1996, 211; Hill, 1973, 229). “Секуляризация” сөзү батышта алгачкы жолу 1644-48-жылдарында католиктер менен протестанттар ортосунда узак убакытка созулган диний согуштун аягында “Вестфаля” келишиминде колдонулган. Бул сөз менен чиркөөгө тиешелүү менчикти коомдук менчикке өткөрүү баяндалат.

Ошентип расмий кагазда алгачкы жолуколдонулган “секулярдаштыруу” сөзү менен диний бийликке тиешелүү дүйнөлүк мүлктөрү жана башкаруу светтик бийликке берилген. (Altıntaş, 2002, 58; Hocaoğlu, 1994, 49). Жогоруда белгилүү болгондой, секуляризация термини Ватикан диний укугунда христиан тарикаттарынын жолдоочусу “дүйнөгө” (светтик) багыт алышын көрсөтөт деп айтууга болот.

Секулярдашуу сөзү бирдиктүү маанини туюнтпагандыгын жогоруда көрүүгө болот. Секуляризация терминин анализдөөдө тармактарга карата да жасалгандыгын айтууга болот.Секулярдашуу (secularization/светтик) термини ар кандай аныктамаларга ээ. Термин теология, философия, социология, искусство, архитектура жана укук сыяктуу түрдүү тармактарда колдонулган. Секуляр сөзүн колдонулуп башталган учурдан бүгүнкү күнүбүзгө чейинки процессте бирдиктүү консенсуска келди деп айтууга болбойт. Термин катары социологиялык адабяттарда колдонула баштаганга чейин сөз ар түрдүү маанилерде колдонулган. Бирок термин социологияда колдонулуп башталганда деле социологдор аны өз көз карашынын контекстине жараша аныктама беришкен. Терминге баалуулук кошкон социологдордон айырмаланып, ага абсолюттук мааниде аныктама берүүгө аракеттерди жасагандар да болгон. (A.Bayer, 2006, 17). Ал эми дагы бир түркиялык изилдөөчү Р. Алтынташ, дин жана секулярдашуу байланышын теологиялык перспективадан карайт. Ислам жана секулярдашуу, Ислам-Протестанттык байланышынын контекстинде секулярдашуунун өзөгүн изилдеп, экономика жана секулярдашуу темаларынабашка перспектива менен кадамдар жасалган (подход). Ал каламистиканын (теология) контекстинде каралгандыктан, секулярдашуу тууралуу жалпы маалыматтарды камтыган. (R.Altıntaş, 2005). Ошол эле учурда секулярдашуунун коомдорго карата да айырмачылыгы болот.

Секулярдашуу процессинин пайда болушу жана таасирлери коомдордо бирдей болгон эмес. Ар бир коомдун өзүнө тиешелүү коомдук-экономикалык, маданий жана тарыхый шарттары бири-биринен айырмалангандыгы үчүн алар коомдук түзүлүштөн улам секулярдашуу процессинен ар башкача таасир алышкандыгы белгилүү. Ошондуктан секулярдашуу факторун изилдөөдө секулярдашуунун жалгыз үлгүсү тууралуу же анын соңу келди деп айтуу катачылык болорун айгинелейт. Себеби секулярдашуу бул аягына чыга элек процесс. Өзгөчө секулярдашуу артка кетпестен, тескерисинче, күчтүү таасирин тийгизүүдө. (M.A. Kiraman, 2005). Ошондой эле дагы бир

монографияда секуляризмди жаңыча көз караш менен колго алгандыгын көрүүгө болот. Питер Л. Бергер, Родни Старк, У.Х. Суатос, К.Дж.Кристиано, Джефри К. Хэдден, Роберт Н.Белла, Дэвид Мартиндин секуляризациялашуу тууралуу, Марк Юргенсмайердин “фундаментализм” жөнүндө жазылып басылып чыккан тандалма макалалардан куралган китеби, түркиялык автор-түзүүчү Али Көсе,нин секулярдашуу теориялары тууралуу божомолдору ишке ашпагандыгы, диний уюм жана символдордун, Жаңы диний кыймылдардын мисалында болгондой жаңыдан жанданып жана секулярдашуу факторун кайрадан карап чыгуу керек экендигин айгинелейт. (A.Köse, 2001). Ал эми Жаңы диний кыймылдын секулярдашууга тийгизген таасирин жогорудагы маалымат тастыктайт жана колдойт. Жаңы диний кыймылдардын пайда болушу, жалпысынан доордун коомдук-саясий түзүлүшүнүн да таасири менен карама-каршы болгон маданий кыймылы жана уюмдашкан диндин жок болуп кетүүсүнө каршы туруу катары чечмеленген. Уюмдашкан диндин чөгүүсү ал доордон бери кээ бирлери тарабынан Жаңы диний кыймылдардын ага каршы туруу үчүн пайда болуусу динамикалык көрүнүш катары белгиленсе, Стив Брюс сыяктуу секулярдашуу тарапташтары диндин коомдук жашоодон алысташуусу, феномен жана эффективдүүлүгүнүн жоготуусу катары бааланган. Мындан чыккан диндин индивидуалдашуусу, анализдери секулярлашуу анализи үчүн тирек катары колдонулган сыяктуу Жаңы диний кыймылдардын индивидке альтернатива сунуусу менен индивидуалдуу дин тандоо сферасы менен караганда индивидуализм деп да аныктама берсе болот. Секулярдуу дүйнө таанымын четке каккан Жаңы диний кыймылдар, секулярлашуу тезисине каршы коркунуч катары сүрөттөлөт. Дин өзгөрүүнүн инструменти жана булагы катары жаңыдан тандалып жана иденттүүлүктү куруу процессин алып бара ала тургандыгын секулярлашуу тезисине карата каршы Жаңы диний кыймылдардын критикасы деп эсептейт. (B. Sevinç, 2013,484-485).

Ислам дүйнөсүндөгү секулярдашууну анализдеген АКШлык изилдөөчү өз эмгегинде башкача жандаган. Көптөгөн үчүнчү дүйнө өлкөлөрү эгемендүүлүктөн кийин батыштын идеологиясына жандашкан. Жалпысынан аз-маз социалисттик тону бар өлкөлөр да батыштын моделиндеги лаицизм улутчулдук, ислам дүйнөсү да, үчүнчү дүйнө өлкөлөрү да эгемендикти алгандан кийин бийликке келген ар бир жаңы режимдин мүнөзү болгон. Колониялык режимдер жалпысынан светтик баалуулуктарды колдошкон. Ислам дүйнөсүндө болсо өзгөчө исламдын уюмдук жана финансылык күчүн

алсыздандырууга аракет жасалган. Себеби ислам колониялык өкүмдарлыкка каршы чыга ала турган күчтүү борбор катары кабыл алынган эле. Көз карандысыз эркин лидерлердин алгачкы мууну көпчүлүк учурда улуттук боштондук үчүн күрөштө диний күчтөр менен тактикалык кызматташтык кылышкан, бирок өздөрү жалпысынан колониялык режимдин борборунда билим алышып жана борбордун светтик идеологиясына суугарылышкан. Көз караштарында батыштын эгемен өлкөлөрүнүн моделинде мамлекет куруу басымдуу болгон. (G.E. Fuller, 2005, 134-135). Аты исламдык болгону менен заты ага тиешелүү болбогон секулардуулук жөнүндө француз изилдөөчүсү өз эмгегинде да баяндайт. Ошондой эле чыныгы секуляристтер исламисттер экендигиан да белгилейт. Оливье Руа светтик тууралуу мындай деп жазат: “Коомду исламдаштыруу секулярдык практика жана ал мотивацияны исламдаштырууга алып келди, ошондой болсо да алар светтик бойдон калууда: бизнес, социалдык прогресстин стратегиясы, оюн-зоок индустриясы (Турциядагы беш жылдыздуу ислам шарттарына ылайык курорттук мейманканалар, ал жерге ислам үчүн эмес эс алуу жана ойногону барышат). Бардык нерсе исламдык болуш керек эле, тилекке каршы, андай эмес. Акыркы парадокс исламды жөнөкөй динге айлантууну бир гана ишенген секуляристтер эле эмес (орто жолду карманган учурда арасат деп да сыпатталат жана либералдуу мусулмандар) мамлекет жана коомдон динди бөлүүгө каршы болгондор да салым кошууда. Исламды терең секулярдаштырууда анын концептин четке каккандар өздөрү болууда. Светтик мусулмандар секулярдаштыруунун актерлору эмес, себеби алар диндештирүү же коомду уюштуруу процессине аралаштырылбаган. Чыныгы секуляристтер – бул исламисттер жана неофундаменталисттер. Себеби алар светтик коом менен диндин ортосундагы барьерди ашып өтүүнү каалашат. Диний элементти терeңдештирүү жана кеңейтүүнүн натыйжасында ал реалдуу маданиятка камтылган адатка (салт) да айлана албайт. (О.Руа, 2018, 44-45). Оливье Руа секуляризацияны исламизм жана неофундаментализм терминдери аркылуу анализдейт. Ошондой эле исламдаштыруу - секулярдаштыруунун фактору деп эсептейт. (О.Руа, 2018, 88-91).

Канчалык секулярдаштыруу процесси катуу болбосун, коомдо баары бир дин өз таасирин жоготпойт,Ю тескерисинче, күчөтөт деген көз караштар да бар. Россияда мамлекеттик атеизм саясаты жана “зордукчул секуляризмге” карабай советтик коомдо диндардык жашыруун сакталган, анын азыркы өсүшүндө “десекуляризацияны” көрүүгө болбойт, ал совет доорундагынын

улантуучулугу деп жыйынтыкка келишкен. Ошондой эле, мисалы, Францияда секулярдуулук – лаицизм орнотулган фундаменталдуу принцип, учурда жана эки кылым мурда да католицизм же тагыраак айтканда, католицизм салттары коомдук мамиледе жана саясий оюндарда маанилүү фактор катары сакталып келет, ошондой эле чоң даражада өлкөнүн саясий картасын аныктайт. Жекшемби күндөрү чиркөөлөр бош болгонуна карабай акыркы коомдук сурамжылоодо 25 жашка чейинкилер 7%ды гана түзсө да, аймактын калктары күчтүү католиктик салттарын башкаларга караганда катуу карманышат, себеби католицизм алардын негизги дүйнө таанымын түзгөн. (Религии и радикализм в постсекулярном мире, 2017, 6).

Мамлекет менен диндин өз ара байланышынын калыптануусун изилдөө дайыма бир гана илимий чөйрөдө эле эмес коомдук-саясий жашоодо да маанилүү болуп эсептелет. Светтик жана диний өз ара аракеттенүү ар дайым илимий жана диний чөйрөдө катуу талкуу гана болбостон, кээде бийлик менен диндин ортосунда кандуу тирешүүлөр менен да мүнөздөлгөн. Ал Туркистан колониясы учурунда, Россия империясынын кыйрашында (февраль 1917) же советтик жана постсоветтик доордо да болгон. Ал өз ара кызматташтыктын мазмуну жана даражасы кылымдар бою өзгөрүп келген. Бирок ал өзгөрүүлөрдүн өзөгүндө ар дайым коомдо мамлекет менен исламдын ортосундагы байланышында рационалдуулукка жетишилип келген. Анда диндин мамлекеттеги салмактуу ролу билинген. (Россия – Средняя Азия: Политика и ислам в конце XVII – в начале XXI века, 2013, 441).

Секулярдашуу же коомго светтик принципти орнотуу континент же аймактарга да жараша өз спецификасына ээ деп айтууга болот.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн эгемендүүлүк жылдары тарыхый иденттүүлүккө жана маданиятка кайтуу контекстте өзгөчө диндин позициясы бекемделип жана саясий ислам күчөгөн. Фергана өрөөнүнүн өзбек тарабында официалдуу жана официалдуу эмес ислам уюмдарынын ишмердүүлүгү активдеше баштады. Ошондой эле ага чектеш болгон Ош, Жалал-абад, Баткен жана Согди облустарында да исламдын өсүү тенденциясы байкалган (В.Ушаков, 2005, 94). Ал эми Кыргызстанда жалпысынан алганда, Борбордук Азия өлкөлөрүнө караганда айырмаланат. Канчалык принцип окшош болгону менен иш жүзүндө башкача экендигин көрүүгө болот.

Советтер союзу тарагандан, тактап айтканда, Борбордук Азия мамлекеттери эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргызстанда тарыхый тажрыйба, үрп-адат, каада-салт жана маданиятын эске алып, коом үчүн динди

керек деп эсептешкен. Ишеним эркиндигин кепилдөө, дин расмий жана жеке сектордо уюмдашуу багытында дин-мамлекет байланышына кайрадан өзгөртүүлөрдү киргизүү аракеттери жасалган. (S.Erşahin, 1999, 159). Кыргыз Республикасы светтик принциптин негизинде диний таалим-тарбия жана окутууну колго албагандыктан, калк медресе аты менен курушкан окуу жайларында мамлекетке көз карандысыз динди окута башташкан. Бир жактан абалды өздөрүнө жакшы мүмкүнчүлүк деп эсептеген көптөгөн сандагы сырттан келген миссионердик топтор өлкөдө уюмдаша башташкан. Конституциянын ишеним эркиндиги принцибин алар өздөрүн коруучу кол чатыры катары көргөн миссионерлер өлкөнүн бардык аймактарына ишмердүүлүктөрүн жайылтышкан. Мамлекеттен ишмердүүлүктөрүнө коопсуздукту, тарапкерлерине мазардан орун берүү сыяктуу талап кылган миссионерлердин аракеттеринен улам ыңгайсыздык жаралып, аларга каршы болгондор тарабынан диний тармакты катуу жандандырып жиберген. Ага кошумча мамлекеттин сыртында калган диний билим берүү тармагын салафий, хизб ут-тахрир, дааватчы ж.б. экстремисттик исламдык топтор да ишмердүүлүгүн арттырган. (Религиозная ситуация и религиозное образование в Кыргызстан: Анализ ситуации и предложение, 20014, 33). Көз карандысыздыкты алгандан кийин Кыргызстанда бардык чектөөлөргө жана көзөмөлгө карабай, мусулман иденттүүлүгүн кабылдоодо маанилүү өзгөрүүлөр ишке ашты. Девид Абрамзондун белгилеши боюнча 1990-2000-жылдар арасында мусулман иденттүүлүгү улуттук же этникалык иденттүүлүккө тете баалуулук катары эсептелсе, 2010-жылдары мусулман иденттүүлүгүн аныктоодо Аллага ишенүү жана ибадаттарын аткаруу катары эсептеле башталган. (S.Pay, 2015, 49-50). Светтик принцип диний иденттүүлүк жана диний аң-сезимдин трансформацияланышына жолтоо боло алган эмес деп айтууга болот.

**Талкуулоо жана жыйынтыктоо.** Светтик деген сөз кайдан келип чыккан деген суроого, КРнын КББАнын (Кыргыз билим берүү академисы) УМК аппробация жана экспертиза бөлүмүнүн башчысы Жаанбаев С. 2018-жылы апрель-май айларында Динмаданиятынын тарыхы курсун мектептерде окутуу тууралуу республиканы айланып анализ жасаган. Ошол учурда теологиянын ОПК (окутуучу- профессордук курам) менен да жолугушуу өткөрүп жаткан учурда “Светтик” деген сөздүн келип чыгышы тууралуу мындай дейт: “Революциядан кийин Ленинге соратниктеринен бирөөсү кирип, билим берүү багытын аныкташыбыз керек десе, ал албетте советтик

деп айтат экен. Бирок ал чулдур сүйлөгөндүктөн, светтик деп угулуп, ал сыртка чыккандан кийин Ленин эмне деди деп бюро мүчөлөрүнөн бири сураса, светтик деп айтты деген экен. Мына ошондон кийин светтик болуп калыптыр деди". Бул күлкүлүү болушу мүмкүн, бирок чындык деле болушу ыктымал. Себеби СССР доорунда жетекчилердин ошондой кокус сөздөрүнөн деле иштер болуп кеткени тууралуу тарых жана биография барактарында көп кездешет.

Секуляризм, светтик жана лаицизмди бирдей мааниде колдонулганы менен башкача маанини туюндурат деп белгилеген болчубуз. Светтик түшүнүгү батыш адабияттарында көбүнчө секуляризм деген сөз, башкача айтканда, термин колдонулат. Бирок секуляризм менен лаицизм айырмаланат. Лаицизм бул идеологияны пропагандалоо же түзүлүштү өзгөртүү үчүн түзүлгөн кыймыл деп айтууга болот. Секуляризм европа өлкөлөрүндө динге таянган борбордук бийликке үстөмдүк кылган түшүнүктөн арылуу үчүн ойлоп табылган коомдук-саясий көз караш. Мамлекеттик иштен диний түшүнүктү узакташтыруу болгон. Аны алгач Францияда ишке ашырышкан. Франциядагы революциядан кийин лаицизм кыймылы пайда болгон. Лаицизм – өлкөдөгү коомдук жашоону секуляризациялоого багытталган француз кыймылы. Ал процесстеги коомдук жашоодо диний догма, институттар жана практика маанилүүлүгүн жоготот. Лаицисттердин негизги талаптары коомдун бардык чөйрөсүнөн диндин таасирин жок кылууну максат кылышкан. Ал доордо Ватикан Рим папасынын (католик чиркөосү) европа өлкөлөрүндөгү бийликтин үстүнөн үстөмдүгү да коомчулукту нааразы кылган. Бир гана бийликте эмес илим жаатында да чиркөө үстөмдүк кылганын көрүүгө болот. Галилео Галилей жер тоголок экендигине илимий аныктама киргизип айтып чккандыгы үчүн аны өрттөп өлтүрүүгө өкүм чыгарган. Лаицизм сөзүн Турция "Лайик" деп өз лексиконуна ыңгайлаштырып колдонууга киргизип алышкан. Түркиянын конституциясында "Лайик мамлекет" деп жазылган. 2007-жылы Кыргызстанда конституциялык реформа жүрүп, ошол учурда конституциялык кеңешменин төрөгасы, премьер-министр "светский" деген сөздүн кыргызчасын эч таппай койдук, анан бизге жакын тил катары түрктөрдүн "лайик" (Layık) сөзүн алып "ылайык" (T. Kozukulov, 2017, 92) деп киргизгендигин айткан. Демек, ар бир саясатчы өз көз карашы жана деңгээлине жараша светтик түшүнүгүн колдонот деп айтууга болот.

Кыргыз Республикасы дин маселесинде дайыма светтик принципти негиз кылган демократиялык өлкө болууга далалат кылган. Аны менен бирге

СССР таркалганда дин багытында Кыргыз Республикасынын анчалык тажрыйбасы болбогон. СССР доорундагы түшүнүк жана тажрыйбалардын негизинде демократиялаштыруу процесси башталган. Мамлекеттик ишмерлер ислам динин ата-бабалардан калган улуттук баалуулук катары эсептешкен. Диндин же башкача айтканда, исламдын атынан өткөрүлгөн ырасым жана жөрөлгөлөргө ар дайым сый урмат көрсөтүшүүдө. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында динге эч кандай жолтоо же кысым көрсөтүлбөгөн. Коммунизм доорунун күчтүү учурунда билим, тарбия алып калыптанганына карабастан, Кыргызстандын алгачкы президенти А.Акаевдин динге жасаган мамилесинен улам аны демократ катары аталуусуна себеп болгон деп айтууга болот. Эгемендүүлүктү алгандан кийин алгачкы 15 жыл динге либералдуу эркиндик берилгендиги белгилүү. (T.Kozukulov, 2020, 179).

Кыргызстан дин багытында демократияны жандоо аркылуу светтик принципти киргизгени менен диний уюмдар дагы деле СССРдин доорунан бери келе жаткан система менен иштеп келүүдө деп айтууга болот (T.Kozukulov, 2015). Бул жаатта чоң өзгөрүү тууралуу айтуу кыйын. Мамлекет менен диндин мамилеси светтик принциптин негизинде деп айтылганы менен иш жүзүндө дайыма эле андай боло бербейт. Бийликтин алмашуусу менен мамлекеттин динге мамилеси да өзгөрүп келгендигин белгилеп кетүү керек. 1991-жылдан баштап динге мамлекет анчалык кийгилишкен эмес. 2014-жылы февраль айында өткөн “Коргоо кеңешинин” отурумунда динге эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап мамлекет динден өзүн оолак кармоо саясаты туура эмес болгон деген жыйынтыкка келип, мындан нары мамлекет дин маселесине кийгилишет деген чечим чыгарылган. Ошол учурдан бери мамлекет дин жаатында ар түрдүү иш чараны өткөрүү менен саясатын жүргүзүүдө.

Светтик мамлекетте коомдун көпчүлүгүн түзгөн мусулмандардын да мүдөөсүн мамлекет эске алуусу керек деп эсептегендер бар. Туркиянын мамлекеттик дин иштери башкармалыгынын экс-төрагасы М.Н.Йылмаз секулярдуу мамлекеттин калкынын 99%ын мусулмандар түзгөн өлкөдө укуктун динге туура келүүсү - социологиялык зарылчылык деп айткан (A.Manaz, 2005, 362-363). Светтик түшүнүктүн бирдиктүү болуусу мүмкүн эместигин айгинелейт.

**Корутунду.** Светтик мамлекет же түзүлүш дейбизби, кыскасы дин өгөйлөнбөшү керек деген оюбуз изилдөөбүздө белгилүү болду. Динди канчалык түрткөн менен ал өз таасирин коомго тийгизе бере тургандыгы

маалым. Дин бир гана ибадат эмес, коомдун тарыхый-маданий, коомдук-саясий түзүлүшүндөгү ажырагыс элементтеринен бири экендигин унутпоо керек. Ошондуктан мамлекет светтик принцибине карабай сөзсүз дин жаатында да өз саясатын жүргүзүп, диний билим берүүсүн колго алуу керек. Мамлекет - башкаларга алдырып койбоо үчүн өзү көзөмөлдөөсү керек. Антпесе жыйынтыгы жаман болуп кетпейт деп эч ким кепилдек бере албайт.

**Адабияттар**

1.Козукулов Т. (2018). Саясий ислам: тарыхтан учурга чейин. –Бишкек, Рекламир. 350.
2. Останин А. В. (2010). Генезис идеи светской модели государства // Вестник Омского университета. Серия «Право».
3. Религиозная ситуация и религиозное образование в Кыргызстан: Анализ ситуации и предложение. (20014). Исследовательский отчет. Руководитель Суат Жебежи. – Бишкек. 60
4. Религия и радикализм в постсекулярном мире. (2017). /С.Амгар, А.М. Ахунов, И.Л. Бабич и др. Под ред Е.И. Филипповой и Ж.Радвани. –Москва: Институт этнологии и антропологииим. Н.Н. Миклухо-Маклая РАН, Горячая линия – Телеком. 326
5. Россия – Средняя Азия: Политика и ислам в конце XVII – в начале XXI века. (2013). Авторский коллектив: Ф.М. Мухаметшин (руководитель авторского коллектива), С.Н. Абашин, Д.Ю.Арапов, Б.М. Бабаджанов, В.А. Германов, В.А. Иванов, Р.Н. Шигабдинов.– Москва: Издательство Московский университет. 480.
6. Руа О. (2018). Глобализированный ислам: в поисках новый уммы. –Москва: Фонд Марджани. 338.
7. Ушаков В. (2005). Политический ислам в Центральной Азии. –Москва-Бишкек: Издательство КРСУ. 208.
8. Altıntaş R. (2005). Din ve sekülerleşme. –İstanbul: Pınar yayınları. 189.
9. Attas S. N. (2003). İslam Sekülerizm Ve Geleceğin Felsefesi. çev. M.E.Kılıç. –İstanbul: İnsan yayınları. 228.
10. Hill M. (1973). A Sociology of Religion. – London: Published by Heinemann Educational BoksLtd. 285.
11. Kozukulov T. (2020). Bağımsızlık Öncesi Ve Sonrası Kırgız Toplumunda Din Ve Dinî Kurumlar Üzerine Bir Analiz. Hitit Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, 19/1, 173-206. https://doi.org/10.14395/hititilahiyat.669036
12. Kozukulov T. (2017). Kırgızistan'da Devletin Din Siyaseti /The Religion Politics of the State in Kyrgyzstan. Akademik Hassasiyetler, 4 (7), 85-104. https://dergipark.org.tr/en/pub/akademik-hassasiyetler/issue/29493/305489
13. Kozukulov T. (2015). Kirgizistan'da Dini Kurumsallaşma Ve Toplum. Ağrı İbrahim Çeçen Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi, 1 (1), 177-209. https://dergipark.org.tr/en/pub/aicusbed/issue/1518/18673
14. Köse A. (2001). Sekülerizm sorgulanıyor: 21.yüzyılda dinin geleceği. –İstanbul: Ufuk yayınlar.248.

15. Kiraman M.A. (2005). Din ve sekülerleşme. –Adana: Karahan yayınları. 302.
16. Manaz A. (2005). Dünyada ve Türkiye'de siyasal islamcılık. -Ankara: Ayraç yayınları. 775.
17. Sevinç Bayram. (2013). Kimlik mülteciliği: Bir kesinlik arayışı zemini olarak YDH'ler. (Refugee status of identity: NRMs as a ground of seeking certainty) //Uluslararası Sosyal Araştırmalar Dergisi (The Journal of International Social Research), volume 6, Issue 26, 482-495.
18. Swatos, W. H., Chiristiano K. J. (1996). Secularization Theory: The Course of a Concept. //Sociology of Religion, 60 (3), Fall, 209-228.
19. Pay S. (2015). Kırgızistan'da islam: Bir diriliş ve varoluş mücadelesi. –İstanbul: Emin